




# Сулаймантоо ЮНЕСКО тизмесин толуктайт

Ош шаарынан орун алган, экинчи Мекке аталган Сулаймантоо тоосу өлкөбүздөгү эң маанилүү, ЮНЕСКОнун дүйнөлүк жаратылыш жаңы маданий мурастар тизмесине кийирилүүгө татыктуу объектилерден. Андыктан, Ысыккөл эстеликтери комплексинен кийин экинчи болуп Сулаймантоо комплекси боюнча документациялардын пакетин даярдоо иштери жүргүзүлдү. Муну үчүн ЮНЕСКО финансылык каражаттарды таап, жергиликтүү адистерге жардам берүүсү максатында эл аралык экспертти бекитти. Сулаймантоо боюнча номинацияны даярдоодо грантты Бүткүл дүйнөлүк Норд (Скандинавиялык) Фонду бөлүп берди. Аталган объектини тандап алышын алар Швеция жана Норвегия өлкөлөрү Кыргызстандай эле тоолуу экендигин айтуу менен түшүндүрүшкөн.

2003-жылдын аягында Кыргызстандын маанилүү объектилерин Бүткүл дүйнөлүк жаратылыш жана маданий мурастары тизмесине кошуу үчүн күчөтүү максатында маданиятты өнүктүрүү боюнча мамлекеттик Комисиясынын Координациялык кеңеши түзүлгөн. Ага КР УИАсы аталган мамкомиссиясы, ЮНЕСКО иштери боюнча Улуттук комиссиясы жана айрым ЖОЖдор кирген. 2004-жылдын октябрында КР Президентинин Указы менен ЮНЕСКОнун жаратылыш жана маданий мурастары тизмесине эстеликтерди киргизүү боюнча КР мамлекеттик катчысы О. Ибраимовдун жетекчилигиндеги өкүлчүлүктүү Улуттук уюштуруу комитети түзүлдү. Сулаймантоо боюнча документтацияларды даярдоо программасын ишке ашыруу үчүн жумушчу тобу түзүлүп, ага УИАнын тарых институтунун улуу илимий кызматкери Б. Аманбаева жетектеди. Бишкектик жана Оштук окуму штуулар жана адистер тартылды. Ал эми эл аралык эксперт болуп доктор Ульф Бертилссон дайындалды.

Жогорудагы иштерди камтыган "Сулаймантоо жаратылыш жана маданий ландшафты" долбоорун ишке ашыруу процессинде аталган обьекти боюнча бар болгон материалдардын баары инвентаризацияланды. Документациялардагы изилдөө компонентеринде тоонун физика-географиялык жана экологиялык мүнөз-



дөмөсү, археологиялык, культтук жана архитектуралык эстеликтеринин анализдери, алардын тарыхый жана маданий интерпретациясы, бардык обьектилери боюнча илимий библиографиясы бар. Тоонун карталары, корукка алынуучу жана буфердик зоналары, археологиялык пландары, архитектуралык монументтери, объектини башкаруу жана көзөмөлдөө боюнча пландары даярдалып, аэрофотосүрөттөрү, фото жана видео материалдары камдалды.

Учурда долбоор өз ишин аяктоодо. Номинациялык документациялардын варианттары даяр жана эл аралык эксперткe берилген. Андан соң айрым кемчиликтери болсо, аны четтетүү иши аткарылып, аталган Улуттук Уюштуруу комитетине тапшырылат. Ошондон кийин гана бүткүл документация ЮНЕСКОнун Париждеги Бүткүл дүйнөлүк мурастар Борборуна тапшырылат. Тиешелүү структуралар жана эксперттер таанышышып, баалашып, объектини киргизүү же документацияны кайра иштөө же баш тартуу жөнүндө чечим чыгарат.

Ушул жогоруда биз айтып жаткан долбоорду презентациялоо Сулаймантоо Улуттук тарыхый археогиялык музей комплексинде өттү. Ага Ош облустук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары С. Бостонова, долбоордун жетекчиси Б. Аманбаева, Ош технологиялык университетинин проректору, биологиялык илимдеринин доктору Б. Токторалиев, Ош облустук маданият башкармасынын начальниги И. Аманбаев кварталдык комитеттеринин башчылары, шаардык архитектуранын массалык маалымат каражаттырынын жана башка тиешелүү тараптардын өкүлдөрү катышышты.

**К. КЫДЫРАЛИЕВА**